DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

*Момоконова С.А.*

# МЕКТЕПТЕГИ БАШКАРУУ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ

*Момоконова С.А.*

# УПРАВЛЕНИЕ В ШКОЛЕ И ПОВЫШЕНИЕ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ

*S.A. Momokonova*

# SCHOOL MANAGEMENT AND IMPROVING THE QUALITY OF EDUCATION

*УДК: 37*

*Макалада мектептеги билим берүүнүн сапатын жакшыртуу маселеси сунушталып, анын өзгөчөлүк жана көйгөйлөрү көрсөтүлгөн. Биздин илимий иликтөөбүздүн жүрүшүндө жаңылануу жолу жана анын шарттары оптималдуу болгондо гана жаңылануунун натыйжалуулугу кыйла жогору болору аныкталды. Билим берүү тармагында билим берүү сапатын жогорулатуу ийгилиги, биринчи кезекте, эн мыкты башкаруу жана уюштуруу иштерине байланыштуу. Бул үчүн мектептер, лицейлер, мыкты адистер, өзгөчө билим берүүнү жаңылоо жолун иштеп чыгуу жана ал милдеттерди жүзөгө ашыруу боюнча туура кабыл алуу жоопкерчилигин мойнуна алган уюштургуч жетекчилер менен камсыз болуу зарыл. Билим берүү мекемесинин сапатын башкаруу, анын атаандашууга болгон негизги шарттарынын бири болуп эсептелет. Билимге ээ болуу үчүн илимдин системасын өздөштүрүү керек. Системалуу билим гана күчтүү мүнөздө болот.*

***Негизги сөздөр:** сапат, билим берүү, башкаруу, жакшыртуу, мекемелер, мыкты адистер, жоопкерчилик.*

*В статье рассматривается проблема повышения качества школьного образования, его особенности и проблемы. Входе нашего исследования показали, что эффективность обновления оптимальна только тогда, когда путь обновления и его условия оптимальны. В системе образования успех повышения качества образования зависит, прежде всего, от лучшей управленческой и организационной работы. Для этого необходимо предоставить школы, лицеи, лучшие специалисты, руководителей организаций, которые отвечают за разработку способа модернизации специального образования и принятие правильные решений по выполнению этих задач. Управление качество образовательным учреждением является одним из основных условий его конкурентоспособности. Для получения знаний необходимо овладеть системой науки. Систематические знания имеют только сильный характер.*

***Ключевые слова:** качество, образование, управление, улучшение, учреждения, лучшие специалисты, ответственность.*

*The article proposes to improve the quality of school education,highlight its features and problems.Our study found that the effectiveness of an update is much higher only when the update path and its conditions are optimal. The success of improving the quality of education,in the field of education, depends primarily on better managerial and organizations who are responsible for developing way to modernize special education and makibg the right decisions to fulfill these tasks. Quality management of an educational institution is one of its main conditions of competition. To gain knowledge, it is necessary to master the system of science. Systematic knowledge is only strong.*

***Key words:** quality, education, management, improvement, institutions, best specialists, responsibility*

Кайсы гана мезгил болбосун, билим алуу, өзгөчө анын сапаттуулугу эн негизги мааниге ээ болуп келген.

Билим берүү бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндөгү коомдук өнүгүүнүн эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн жана артыкчылыктуу багыттарынын бири болууда.

Билим берүү – бул бүткүл жашоо-турмушта уланууучу процесс, ошондуктан мамлекет бардыгы үчүн өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттүү.

Бул өзүнүн билим алуусун улантууну каалагандарга да, ошондой эле билим алууда кетирген мүмкүнчүлүгүн толуктоону каалагандарга да бирдей деңгээлде тиешелүү.

Билим берүүнүн сапаты азыркы учурда анын социалдык эффективдүүлүгүн шарттоочу төмөнкү факторлор: ишмердиктин бул же тигил чөйрөсүндөгү руханий маданияттын жана тажрыйбанын мыкты жетишкендиктерин камтыган мазмун; педагог кызматкерлердин жогорку кесиптик чеберчилиги; жаңы педагогикалык технологиялар жана аларга ылайык келүүчү материалдык-техникалык жабдуулар; калктын билим алууга болгон муктаждыгынын толуктугу аркылуу аныкталат

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Азыркы билим берүү мекемелери үчүн “билим берүү сапаты” түшүнүгү түздөн-түз анын билим берүү кызматтары рыногундагы атаандаштык жөндөмдүүлүгү менен байланыштуу.

Сапат деген эмне? Сапат – дегенде бул ар бир адамдын кызыкчылыгы дегенди түшүнүү зарыл. Демек, илимий көз караштарды жалпылап келгенде сапат – бул предметтин белгилүү бир өзгөчөлүгү жана коом тарабынан анын баалуулугунун кабыл алынышы, билим сапаты – бул стандарттын талаптарына ылайык келген мазмун, ал эми билим берүүнүн сапаты түшүнүгү окуучу окууну «эң жакшы» жана «жакшы» баа менен бүткөндүгүнүн сандык жактан мүнөздөмөсү; окуучулардын билиминин өнүгүү даражасынын өлчөнүп-ченелиши; окуучунун билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн колдонуу ишмердүүлүгүнө ээ болушу; инсандын өнүгүүсүндөгү адеп-ахлактык, физикалык, акыл-эстик жана психологиялык жактан өнүгүүсүнүн аныкталган даражасы катары кароого болот. Изилденип жаткан проблеманын чегинде «билим берүүнү башкаруу» жана «билим сапатын башкаруу» түшүнүгүн карап чыгуу да негизги мааниге ээ. Учурдагы билим берүүнү башкаруу проблемалары боюнча изилдөөчүлөрдүн иштерине талдоо жүргүзүп көрсөк башкаруу өз ара бири-бири менен байланышкан структураны жана функционалдык компоненттерди камтып турган бүтүн система. Ошону менен бирге башкаруунун өзүнө аныктама берүүдө ой пикирлер ар түрдүү. Азыркы учурда негизги үч көз караш белгиленген. Биринчи көз караш башкаруу бир системанын экинчи бир системага таасир тийгизүүчүсү катары каралат (В.Г. Афанасьев ж.б.). Башкаруу – бул стандарттын нормаларына жана талаптарына шайкеш келген бүтүндөй процесс, ошондой эле анын негизги элементтерине дал келүүчү жыйынтыкты алууга багытталган комплекстүү, координацияланган иш аракет.

Экинчи бир көз караш болсо, билим сапатын башкаруу бул өзгөчө башкаруу. Окутуунун оптималдуу жыйынтыктарына жетүү үчүн алдын-ала аныкталып түзүлгөн, уюшулган жана багытталган иш аракеттер.

Үчүнчү көз караш билим сапатын башкарууну «Билим берүүнүн сапатын эң жогорку деңгээлге жеткирүү максатында ар кандай факторлорду жана шарттарды ачуу, макулдашуу үчүн атайын билим берүү системасынын субъектилери (органдар, мекемелер, кызматкерлер) башкаруу ишмердигинин түрү жана элементи» катары карашат.

Билим сапатын башкарууну мындай көз караште кароо кандайдыр бир системадан олуттуу натыйжа алуу максатындагы көзөмөлдөө менен байланышта. Учурда мектептерде билим сапатын башкаруу ишмердиги ийгиликтүү жүргүзүлүшү үчүн белгилүү бир нук менен багытталышы жана көзөмөлдөнүшү керек. Ошонун негизинде билим сапатын башкаруу процесс катары да, система катары да каралат. Ал эми билим сапатын башкаруу башкаруунун этаптарынын үзгүлтүксүз өнүгүү циклине дал келүүсү менен аныкталат.

Ушуга байланыштуу мектептерде билим берүү сапатын жогорулатуу системасын киргизүү барган сайын актуалдуу көйгөй болуп бара жатат. Билим берүү сапаты деген өзү эмне? Заманбап түшүнүк боюнча, билим сапаты - бул окуучулардын мамлекеттик стандарттарга ылайык болгон билими гана эмес, ошондой эле окуу жайдын ийгиликтүү иш алпарылышы жана ошол окуу жайдагы билим берүүнү жакшыртууга багытталган бүтүндөй профессордук-окутуучулар курамынын ишмердиги. Билим берүү сапаты тууралуу айта турган болсок, биз аны окутуу процессинде окуучу жана окутуучулардын кандай жыйынтыктарга жеткендигин баалоо жана негизи мектептин жетишкен ийгиликтери катары түшүнөбүз. Бул көйгөйдү изилдөөдө алынган маалыматтарга таянсак, мектептерде билим берүү сапатын жогорулатуу системасын ишке ашыруу зарылчылыгы ачык айкын болуп турат. Мектептеги билим берүү сапатын башкаруу бул - долбоорлоо процесси, башкача айтканда, билим берүү максаттарын коюу жана аларга жетүү жолдорун аныктоо; ошондой эле, билим берүү процессин уюштуруу жана анын катышуучуларын мыкты аныктоо жана мониторинг иштөөгө шыктандыруу; жана максаттардан четтөө процесси.

Билим берүү мекемесинин сапатын башкаруу, анын атаандашууга болгон негизги шарттарынын бири болуп эсептелет. Учурда билим берүүнүн бир нече негизги ыкмасы бар.

**Классикалык:** өсүп келе жаткан муунга негизги баалуулуктарды тартуулоо.

**Прагматикалык:** окуучуларга алдыңкы билим жана көндүмдөрдү түзүү.

**Өнүктүрүүчү:** билим берүүнүн натыйжалары менен камсыз кылуу.

**Либералдык:** балдарын муктаждыктарын кезектеп эсептөө.

**Социалдык:** өсүп келе жаткан муунду жашоого даярдоо жана чечим чыгаруу жөндөмдөрүн өнүктүрүү.

Билим берүү сапатын жогорулатуу системасын иштеп чыгууда чечиле турчу кийинки 2 негизги маселе ортого чыгат:

– Билим берүү системасындагы максат жана концепциясын аныктоо.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



– Ал тармактагы потенциалдуу кызматкерлердин талаптары.

– Процесстердин негизги копмлексин орнотуу.

– Көзөмөл жүргүзүү, ички текшерүүлөрдү өткөрүү.

Билим берүү сапаты системасын окутуу мекемелерине ишке ашыруу бектилген документтер аркылуу жүрөт. Иш жерлеринде кызматкерлерди кызматтык эрежелер аркылуу иш алпарууга, ар бирине өз милдеттерин ыйгарууга, жоопкерчилигин менен иштөөсүн талап кылуу керек. Билим берүү мекемесинде билимдин сапатын жогорулатуу системасын калыптандырууда биринчиден анын жыйынтык алып келүүчү максатты койо билүүсү зарыл. Ошондуктан жогорку сапаттагы жыйынтык бул билим берүү кызматынын өзү эмес, ошол жерден билим алып жаткан адам болуп саналат. Билим берүү сапатынын системасын башкаруудагы баштапкы этап болуп окуу жайдын бүтүрүүчүсүнүн моделин түзүү керек. Белгилей кетчү нерсе, билим берүү мекемесинин негизи болуп окуучулардын билим алуу процеси эсептелинет. Билим берүү мекемелеринде билим, билим берүүнү өнүктүрүү контекстинде окуучулар эмгек рыногунда субъект катары эсептелинет. Окуучуларга алардын руханий, физикалык жана интеллектуалдык көндүмдөрүн өнүктүрүүсүнө жардам берүү жана алардын адеп ахлак, адамгерчиликтүүлүгүн калыптанышына шарт түзүү зарыл. Ошондой эле, окуучулардын алган билимин түшүнүү жана аны колдоно билүүсүн үйрөтүү. Ошондо мектептерде окутуунун сапатын жогорулатууда биринчиден таланттуу балдар менен иштөө денгээлин көтөрүү жана окуу планына окуучулардын таанып билүүсүн калыптандыруучу программаларды киргизүү зарыл.

Мектепте билим, тарбиянын сапатын жогорулатуу үчүн эффективдүү башкара билүү керек. Башкаруу үчүн алгач мектеп жетекчиси өзү үлгү болушу зарыл. Мыкты директор, окуу бөлүм башчы, тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары ким дейсизби. Ал жумушка баарынан мурун келип, баарынан кийин кетет. Колунан педагогикалык, адабий журнал, китеп түшпөйт. Качан көрсөң ал окуп отурган болот. Өзү ачык сабактарды биринчилерден болуп өтөт, анын жыл сайын өзүнүн тармагында ийгилиги болот. Ал кол алдындагы ар бир кызматкеринин, кесиптешинин ички ой толгоолорун көзүнөн окуй алган, окуучусун өзүнүн келечегин көрүп тургандай элестеткен инсан болот. Мына ошондо ким гана болбосун мындай инсандын алдында кызмат кылгандыгына, аны менен бирге замандаш болгондугуна ыраазы болуп жашайт. Мына ушундай сапаттарга ээ болгон инсанды мектепти эффективдүү башкаруучу десе болот.

Билим жана тарбиянын көйгөйүн чечүүнүн башкы багыты билим сапатын жогорулатууда. Азыр бир канат менен учуп бара жаткан шумкар сыяктуубуз. Шумкардын экинчи канатын ишке салуу үчүн ата-энелерди мектеп турмушуна тартуубуз зарыл. Алар ийгиликке жетишүүнүн жана мектепти жакшыртуунун ачкычы боло алат.

Билим берүүнүн сапатын башкаруу механизмдерин колдонуу жалпы билим берүү уюмунун кызматкерлеринин ортосундагы координациянын натыйжалуулугун жогорулатат, башкаруу тутумунун бардык деңгээлдеринин ортосундагы байланышты жана ата-энелер коомчулугунун өкүлдөрүнүн билим берүү мамилелерине катышуусун шарттайт, анткени алар көрсөтмөлөрдүн жана башкаруунун тапшырмаларын аткаруунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет.

**Билим берүү уюмунун ишин башкаруунун төмөнкү этаптары каралат:**

**1. Пландоо стадиясы.** Бул этапта билим берүүнүн сапатын башкарууну пландаштыруу жүргүзүлөт, долбоордун планы иштелип чыгат, жергиликтүү актылардын топтому түзүлөт, иш-аракеттердин инструменттери иштелип чыгат, билим берүүнү башкаруунун теориясы менен практикасынын методикалык жоболору (башка билим берүү уюмдары, муниципалитеттер, регион жана өлкөлөр) изилденет.

**2. Моделди куруу стадиясы.** Иштин жүрүшүндө, экинчи этапта сапатты калыптандыруунун модели курулуп, максаты структураланат, социалдык жана коомдук тартип иликтенет, билим берүү про-граммасы иштелип чыгат, билим берүүнүн формалары жана усулдары, процесстин материалдык-техникалык жагына талаптар аныкталат.

**3. Мониторинг процесстеринин стадиясы жана аларды оңдоо.** Аралык жана акыркы жыйынтыктар максаттар менен салыштырылат, мүмкүн болсо, башкаруу тутумуна жана мекеменин иш-аракеттерине өзгөртүүлөр киргизилет.

**4. Акыркы жыйынтык.** Бул этапта тапшырмаларды аткаруунун деңгээли бааланат. Билим берүүнүн сапатын башкаруу процессинин бардык төрт баскычы бири-бири менен тыгыз байланышта калыптанат.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында билим берүү чөйрөсүндө мектепке такыр барбаган, же түрдүү себептер боюнча окуусун токтоткон бардык жарандарды билим берүү менен камтуу проблемасы актуалдуу болуп саналат. Үй-бүлөдөгү оор социалдык-турмуштук шарттар, өспүрүмдөрдү мектепти таштоого жана аз акы төлөнүүчү иштерди жасоого мажбур кылат. Аргасыз иштеген өспүрүмдөрдүн категориясы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



өзүнүн үй-бүлөсүн финансылык жактан камсыз кылат жана тиешелүү түрдө аларды күндүзгү мектепке кайта алып келүү өтө кыйын. Балдардын эмгеги – Кыргызстан өз алдынчалыкка ээ болгон учурдан тартып күчөп кеткен абдан оор проблемалардын бири. Проблема ата-энелердин ички миграциясынын масштабдуу агымы менен байланышкан. Кечкисин жана сырттан окуу мектептеринде окугандардын контингентине талдоо жүргүзүү, бул эреже катары, балдардын интеллекти сакталгандыгын, бирок педагогикалык жактан артта калгандыгын, окутуунун деңгээли төмөндүгүн, өз алдынча билим алуу көндүмдөрүнүн жоктугун, иштөө жөндөмдүүлүгү менен аракеттенүүсүнүн жана окуу мотивациясынын деңгээли төмөндүгүн көрсөттү. Мындай контингент компенсациялоочу окутуу үчүн билим берүү шарттарын түзүүгө муктаж. Азыркы доордо билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн мугалим, окуучу, ата-эне, коомчулук бири-бири менен өз ара тыгыз аракетке өтүп, ортодогу ажырымды улам барган сайын жоюп, бир максатка умтулуу керек".

**Мисалы:** Жогорку билимдүү ата-энелер: Финляндияда чоңдорго билим берүү тармагына абдан чоң маани берилип, өзгөчө ата-энелердин келечек муунду тарбиялоодогу ролуна да көңүл бурулат. Ошондуктан ата-энелер жана мектептер өз ара кызматташып келет. Өнүгүү боюнча ата-энелерди мотивациясы жогору болуусу үчүн жергиликтүү билим берүү башкармалыктары жана коомдук уюмдар мектептер менен ар дайым бирге иш алып барышат.

Коомдун өнүгүшү билим берүүнүн өнүгүшүнөн көз каранды эмеспи. Билим берүүнү өнүктүрүү өз алдынча жүргүзүлүшү мүмкүн, бирок башкаруу процесстеринде башкарылып, өркүндөтүлгөндө гана натыйжалуу болот. Билим берүүнү башкаруу учурдагы, жарым-жартылай жана жеке, жалпы жана ырааттуу перспективдүү жакшыртуу тутумунун негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн.

Бүгүнкү күндө билим берүү интеллектуалдык капиталды түзгөн адам капиталын өндүрүү катары каралышы керек. Экономикалык, илимий жана технологиялык өнүгүү тенденцияларында адам капиталынын өсүп жаткан ролун эске алуу менен, билим берүү заманбап коомду өнүктүрүүнүн негизги кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Билим берүү биздин келечегибиз деп айтуу жетишсиз. Бул сөз айкашы ураанга айланды, анын мааниси мындан ары ойлонулбайт. Билим берүү – бул социалдык өнүгүүнүн бардык багыттары жана тенденциялары боюнча тездетүүнү камсыз кылган жигердүү билимдин өндүрүшү демекчимин.

Билим берүү – бул коомдук турмушту шайкеш келтирүү жана гумандаштыруу, бул адамдын чыныгы эркиндигине карай кыймыл. Коомдун өнүгүшү билим берүүнүн өнүгүшүнө көз каранды. Билим берүүнү өнүктүрүү өз алдынча жүргүзүлүшү мүмкүн, бирок башкаруу процесстеринде башкарылып, өркүндөтүлгөндө гана натыйжалуу болот.

Азыркы учурда мектеп директору мектептеги билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жаатында эксперт жана стратег болушу керек, баланын билиминин максаттары менен натыйжаларын, кызматкерлердин жана бүтүндөй билим берүү мекемесинин иш-аракеттеринин ырааттуулугун, алдын-ала божомолдой жана баалоого жөндөмдүү, билим берүү процессинин сапатын башкара алат. Билим сапатынын төмөндөшүнүн себептери окуучуга, мугалимге жана ата-энелердин көзөмөлүнө байланыштуу.

Бүгүнкү күндө эң негизги нерсе - мектепке жигердүү окутуу мыйзамын кайтаруу. Муну кандай жасаш керек? Мугалим окутуунун жана окутуунун айырмасын так түшүнүп, ийгиликтүү окууга шарт түзүүгө умтулушу керек, анын максаты окуучунун колдо болгон ченемдерине жана муктаждыктарына жооп берген билимдин, көндүмдөрдүн тутумун түзүү (окутуунун максатына карама-каршы, билим, көндүмдөрдүн тутумун түзүү) көрсөтүлгөн стандарттардын, ченемдик документтердин сакталышы

Бүгүнкү күндө жакшы билим эмнени билдирет? Биз сапаттуу билим берүү – бул Кыргызстандын келечеги деп укканга көнүп калдык. Же балким, жогорку сапаттагы билим ага эркиндик бере турган негизги ресурс болуп саналат? Эркиндик бүгүн же эртең эмес, бирок келечекте эркиндик такыр болбойт, тескерисинче, белгисиздиктин жаңы шарттарында эркин жана натыйжалуу иш алып баруу, эркин тандоо. Акырында, эркиндиктин чындыгы абдан жөнөкөй: эгер менде билим жок болсо, мен аны тандай албайм. Жагдай-шартка байланыштуу "сүйрөп барам". Эгерде менде билим болсо, өзүмө жана туугандарыма жакшы шарттарды камсыздай алам демекчимин.

**Адабияттар:**

1. Безуглов Ю.И. Управление качеством образования. Сб. научных статей / Ю.И. Безуглов. - Оренбург: ОИПКРО, 1999. - 233с.
2. Белкин А.С. Педагогический мониторинг образовательного процесса. -Екатеринбург, 1998.
3. edu.gov.kg › about › sistema